# Финансылык ортомчуларды кредиттөө механизми (ФОКМ) - Азия Банктын МЧОИ үчүн насыя

Жайгашкан жери:
Кыргыз Республикасы

Долбоордун номери:
53452

Бизнес сектору:
Финансылык институттар (уюмдар)

Эскертүү түрү:
Жеке

Экологиялык категориясы:
ФИ (FI)

Бекитүү датасы:
31-май 2022 ж.

Статусу:
**Бекитилген**

Долбоордун кыскача документинин (ДКД) жарыяланган күнү

7 -июнь 2022 ж.

*Маалыматтын жеткиликтүүлүгү боюнча Директивасынын 1.4.2(iii) бөлүмүнө ылайык: "Банктын жетекчилиги тарабынан жактырылган долбоорлор үчүн, Директорлор кеңеши бекитүү үчүн ыйгарым укуктарды берген учурда, долбоордук документ жөнүндө маалымат колдонулуучу документтин башталышында ачыкка чыгарылууга тийиш. ЕБРРди түзүү жөнүндө Макулдашуунун 13(iii) беренесине ылайык, мүчө-өлкө Банкка каршылык билдирбөө мөөнөтү."*

## Долбоордун кыскача баяндамасы

Кыргыз Республикасында түзүлгөн Азия банкына (АБ) сом менен жана 2 млн АКШ долларына чейинки эквиваленттик суммада көрсөтүлгөн күрөөсүз Улук кредитти (артыкчылыктуу талап кылуу укугу менен) ушул каражаттар менен кийин МЧОИларды кредиттөө үчүн берүү. Насыя улуттук валютада чакан жана орто ишканаларды кредиттөө программасы боюнча кыргыз сомунда синтетикалык түрүндө бирдей суммадагы эки транш менен берилет.

# Долбоордун максаттары

Долбоор Азия банкынын каржылоо муктаждыктарын орто мөөнөттүү сом менен каржылоону колдоого багытталган, бул рынокто оңой менен жеткиликтүү эмес. ЕӨРБ улуттук валютадагы насыясы ошондой эле банктын суб-карыз алуучуларынын валюта менен байланышкан тобокелдиктерин азайтууга жардам берет.

# Өткөөл процесстин таасири

ETI (Болжолдуу өткөөл таасири): 60 упай

Сунушталган долбоор “Атаандаштыкка жөндөмдүү жана туруктуу” өткөөл сапаттарды сактоо менен ФОКМдин максаттарына жетүүгө өбөлгө түзөт.

- Атаандаштыкка жөндөмдүүлүк: Долбоор Азия Банкынын ЕРӨБ каржылоосунан бир нече эсе көп айырмачылыктары бар Кыргыз Республикасындагы жеке чакан жана орто ишканаларга насыя берүүсүн колдойт. Долбоор бул сегмент үчүн каржылоонун жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу жолу менен микро, чакан жана орто бизнестин атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу максатында, негизинен алыскы аймактарда жайгашкан микро, чакан жана орто бизнестин жаңы кардарларын тартууга багытталган.
- Туруктуулук: Азия Банкы финансылык системанын туруктуулугун сактоо менен андеррайтинг (жайгаштырууну кепилдөө) жана тобокелдиктерди тескөө боюнча адекваттуу практиканы, ошондой эле портфелдин сапатын сакташы күтүлүүдө. Сунуш кылынган кредит ошондой эле реалдуу экономиканы, атап айтканда, микро, чакан жана орто бизнес үчүн зарыл болгон жергиликтүү валютада каржылоону камсыз кылууга жардам берет.

# Кардар жөнүндө маалымат

"АЗИЯ БАНКЫ" ЖАКысы

Азия Банкы (АБ) - 66 миллион АКШ доллары суммасындагы активдери, 10,5 миллион АКШ доллары капиталы жана 2022-жылдын 1-чейрегине карата рыноктук үлүшү 2 пайыздан азыраак болгон чакан жана орто бизнести насыялоого багытталган чакан универсалдуу банк. АБ өлкөнүн 5 аймагын камтыган 29 кеңсе аркылуу иштейт.

# ЕРӨБ Каржылоосу

USD 2,000,000.00

# Долбоордун жалпы баасы

USD 2,000,000.00

# Кошумча пайдалуулугу

Пайдалуулугу төмөнкү факторлордун айкалышынан келип чыгат: (i) каржылоо түзүмү: жергиликтүү валютада өтө зарыл болгон орто мөөнөттүү каржылоо, азыркы учурда ал чектелүү бойдон калууда; жана (ii) стандарттарды белгилөө: долбоор АБга жана анын субкарыз алуучуларына жогорку стандарттарга жетишүүгө мүмкүндүк берет, АБ Регионалдык чакан бизнес программасынын (РЧБП) алкагында окутууну улантат жана МЧОИ сегментинде кредиттөө технологиясын өркүндөтөт.

## Экологиялык жана социалдык сереп

FI категориясына кирет (Экологиялык жана социалдык саясат (ЭСС) 2019). Азия Банкы учурдагы кардар болуп саналат жана Аткаруу талаптардын 2, 4 жана 9 жоболоруна ылайык, ЕРӨБ курчап турган чөйрөнү коргоо жана коопсуздук боюнча талаптарын канааттандырарлык түрдө канааттандырат. Банктан корпоративдик кардарлар, микро, чакан жана орто ишканалар жана микрокредиттер үчүн ЕРӨБдүн экологиялык жана коопсуздук тобокелдиктерин башкаруу процедураларын колдонууну улантуу жана чакан долбоорлордун улуттук экологиялык, ден соолук жана коопсуздук, социалдык жана эмгек стандарттарына шайкеш келишин камсыздоо талап кылынат. Мындан тышкары, Азия Банкы 2019-жылга карата Саясатка ылайык экологиялык жана социалдык тобокелдиктер боюнча алып салуулардын жаңыланган тизмесин колдонууга жана Аткаруу талаптардын 9-жобосунда каралган консультациялык тизмени сактоого милдеттүү. Азия Банкы жыл сайын ЕРӨБгө экологиялык жана социалдык отчетторду берет.

## Техникалык кызматташуу жана гранттык каржылоо

Кыргызстандагы башка өнөктөш финансылык институттары сыяктуу эле, Азия Банкы да ЕРӨБнун Борбордук Азиядагы техникалык кызматташтык боюнча Регионалдык чакан бизнес программасынын ("РЧБП") (TCRS ID 7579, 4,3 миллион евро) алкагында окутуудан пайда көрөт. РЧБП банктар, банктык эмес микрофинансылык мекемелер жана башка уюмдар үчүн билим алмашууну борборлоштурууга багытталган, электрондук билим алмашуу платформасы, ошондой эле адистештирилген темалар боюнча семинарлар аркылуу микро, чакан жана орто бизнести каржылоого көмөктөшөт. РЧБП программасы Кыргызстанда 2018-жылдын апрель айында ишке киргизилген жана кредитти туура талдоо, тобокелдиктерди башкаруу, кредиттик эмес чакан жана орто бизнес банк иши жана башка актуалдуу темалар боюнча окутууга мүмкүнчүлүк берет. ЕРӨБ чыгымдарды параллелдүү бөлүштүрүү саясатына ылайык, Азия Банкы кызматкерлердин семинарларга катышуусуна байланыштуу чыгымдарды, ошондой эле портфелдик отчеттуулуктун үзгүлтүксүз берилишине карата талаптарды аткарууга байланышкан чыгымдарды төлөйт.

## Компания менен байланыш үчүн маалымат

Эдиль Исмаилов
e.ismailov@bankasia.kg
+996 (312) 976 253
+996 (312) 550 182

Бишкек, Кыргыз Республикасы, пр. Ч.Айтматов, 303, "Бишкек" ЭЭЗ

**Долбоордун кыскача документтеринин акыркы жаңыртылган датасы**
7-июнь 2022 ж.

# Тиешелүү материал

- Translation: FIF - Bank of Asia MSME loan II (Russian) Котормо: Азия Банкынын МЧОИга кредит II (Орусча)
  Түрү: PDF, Жарыяланган: 13.06.2022, орус тилинде

# Өткөөлдү түшүнүү

Өткөөл мезгилдин таасирин өлчөөгө ЕРӨБ мамилеси тууралуу кошумча маалыматты бул жерден көрсө болот here.

# Бизнес мүмкүнчүлүктөрү

Бизнес мүмкүнчүлүктөрү же сатып алуулар үчүн, кардар компания менен байланышкыла.

ЕРӨБ менен бизнес мүмкүнчүлүктөрү үчүн (сатып алууларга тиешеси жок болгон маселелер боюнча) байланышыңыз:

Tel: +44 20 7338 7168
Email: projectenquiries@ebrd.com

Мамлекеттик сектордогу долбоорлор үчүн ЕРӨБ Сатып алуулар баракчасына барыңыз EBRD Procurement
Tel: +44 20 7338 6794
Email: procurement@ebrd.com

# Жалпы суроолор

Конкреттүү суроо-талаптар ЕРӨБ суроо формасы аркылуу жүргүзүлүшү мүмкүн EBRD Enquiries form

# Экологиялык жана социалдык саясат (ЭСС)

ЭСС ESP жана ага тиешелүү Аткаруу талаптары (АТ) ЕРӨБ "экологиялык жактан таза жана туруктуу өнүгүүгө" көмөк көрсөтүү боюнча милдеттенмесин аткаруунун жолдорун аныктайт. ЭСС жана АТ кардарларга тиешелүү улуттук коомдук маалымат жана консультация талаптарын аткаруу үчүн атайын жоболорду камтыйт. Ал ошондой эле кызыкдар тараптардын тынчсыздануусун жана даттанууларын кабыл алуу жана чечүүгө көмөктөшүү үчүн даттанууларды кароо механизмин түзүү жөнүндө маалыматты камтыйт, атап айтканда, Кардардын жана Долбоордун экологиялык жана социалдык ишмердүүлүгүнө байланыштуу маселелерди. Долбоордун экологиялык жана социалдык тобокелдигинин жана таасиринин мүнөзүнө жана көлөмүнө жараша, ЕРӨБ кошумча түрдө өз кардарларынан долбоорлордон келип чыккан тобокелдиктер жана таасирлер

жөнүндө маалыматты ачыкка чыгарууну же кызыкдар тараптар менен конструктивдүү консультацияларды, алардын пикири жана аларга жооп жүргүзүүнү талап кылат.

Бул жагынан ЕРӨБ иш-аракеттери жөнүндө көбүрөөк маалымат ЭССте ESP берилген.

# Ак ниеттүүлүк жана шайкештик

ЕРӨБ Башкы көзөмөлчү кеңсеси (БКН) жакшы башкарууга көмөктөшөт жана эң жогорку эл аралык тажрыйбага ылайык, Банктын бардык ишмердүүлүгүндө ак ниеттүүлүктүн эң жогорку стандарттары колдонулушун камсыздайт. Банктын бардык кардарлары долбоорлор Банк үчүн жол берилгис бүтүндүк же репутациялык тобокелдиктерди туудурбашы үчүн тийиштүү экспертизадан өтүшөт. Долбоорду баалоо процессин бекитүү этаптарында көйгөйлөрдү аныктоо жана чечүү Банктын ишинин бүтүндүгүн камсыз кылуунун эң эффективдүү жолу болуп саналат деп эсептейт. БКН бул жактоо аракеттеринде негизги ролду ойнойт, ошондой эле инвестициялоодон кийин долбоорлордогу бүтүндүктүн тобокелдиктерин көзөмөлдөөгө жардам берет.

БКН ошондой эле ЕРӨБ каржылаган долбоорлордогу алдамчылык, коррупция жана мыйзам бузуулар боюнча айыптоолорду иликтөөгө жооптуу. Банктын ичинде же тышында алдамчылыкка же коррупцияга шектелген ар бир адам compliance@ebrd.com дареги боюнча Башкы көзөмөлчүгө жазуу жүзүндө отчет бериши керек. Алынган бардык отчеттор кийинки текшерүү үчүн БКНге жөнөтүлөт. Бардык билдирүүлөр, анын ичинде анонимдүү билдирүүлөр каралат. Билдирүүлөр Банктын же Банк иш алып барган өлкөлөрдүн каалаган тилинде жүргүзүлүшү мүмкүн. Берилген маалымат ак ниеттүү болушу керек.

# Маалымат алуу саясаты (МАС)

ЕРӨБтын МАСы 2020-жылдын 1-январында күчүнө киргенден кийин анын стратегиялары, саясаттары жана операциялары жөнүндө жакшыраак маалымдоого жана түшүнүүгө көмөктөшүү үчүн ЕРӨБ маалыматты кантип ачып берерин жана анын кызыкдар тараптары менен консультацияларды кантип өткөрөрүн аныктайт. ЕРӨБ веб-сайтынан кандай маалымат бар экендигин билүү үчүн "Маалымат саясатына жетүү" Access to Information Policy барагына өтүңүз.

Маалымат үчүн конкреттүү суроо-талаптар ЕРӨБ суроо формасын EBRD Enquiries form колдонуу менен берилиши мүмкүн

## Долбоордун көз карандысыз отчеттуулук механизми (ДКОМ)

Эгерде Кардар же Банк менен экологиялык, социалдык же коомчулукка ачыкка чыгаруу маселелерин чечүү аракеттери ийгиликсиз болсо (мисалы, Кардардын Долбоор деңгээлиндеги даттануу механизми аркылуу же Банктын жетекчилиги менен түздөн-түз иштешүү аркылуу), жеке адамдар жана уюмдар өздөрүнүн

тынчсызданууусун ЕРӨБдүн Көз карандысыз долбоордун отчеттуулук механизми аркылуу алардын көйгөйлөрүн чечүү үчүн аракет кылышы мүмкүн.

ДКОМ Долбоордун зыян келтирген (же алып келиши мүмкүн) маселелерин өз алдынча карап чыгат. Механизмдин максаты: экологиялык, социалдык жана коомчулукка ачыктоо маселелерин чечүү үчүн Долбоордун кызыкдар тараптарынын ортосундагы диалогду колдоо; Банк өзүнүн Экологиялык жана социалдык саясатын Environmental and Social Policy же маалыматка жетүү саясатынын Долбоордун спецификалык жоболорун сактагандыгын аныктоо Access to Information Policy; жана зарыл болгон учурда, Банк тарабынан келечекте сакталбоого жол бербөө менен бирге, ушул саясаттарга болгон бардык ылайык келбегендиктерди жоюу.

ДКОМ жана анын мандаты жөнүндө көбүрөөк билүү үчүн Долбоордун Көз карандысыз Механизминин веб-баракчасына барыңыз Independent Project Accountability Mechanism webpage ; суроо-талапты кантип тапшыруу керек экенин бул жерден таба аласыз submit a Request же көбүрөөк маалымат алуу үчүн ipam@ebrd.com электрондук почтасы аркылуу байланышыңыз.